# Лео ташбака




Автор: Зинакан Пасаңова
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

# Лео ташбака

Автор: Зинакан Пасаңова
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Лео ташбака" (кыргыз тилинде), автор Зинакан Пасаңова, сүрөтчү Бакай Сыдыков

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жаз келип, күн жылуу мээримин төгө баштады. Менин Лео ташбакам да кышкы узак уйкудан ойгонду. Ал үйдүн жертөлөсүндө кыштап чыкты. Ташбака досума атам экөөбүз жыгач кутуча жасап бергенбиз. Ичине майда кум төшөп койгонбуз. Ошол жерде кеч күздөн жазга чейин баш көтөрбөй уктады.




Лео февралдын аягында ойгонду. Ушул күндү аябай күттүм эле. Дароо жертөлөдөн алып чыгып, короого коё бердим. Бирок дагы эле уйкусурап жай кыймылдайт. Мен анын таш калканын жууп-тазалап, капустанын жалбырагын бердим.

Эми күнүгө сабактан кийин үйгө шашам. Анткени мени Лео досум күтүп жатканын билем. Ал дагы менин келер жолумду тосуп, короонун темир дарбазасын тырмалап жаткан болот.

Лео биздин үйдө жашагандан бери интернеттен ташбаканын жашоосу жана аны кандай багуу керектиги жөнүндө көп окуй баштадым. Интернеттен ташбака адамдын үнү ачуу же жумшак чыкканын ажырата аларын билдим. Аны менен жай, эркелете сүйлөшсөң, мойнун созуп тыңшап калат. А эгерде ачуулуу чыккан үндү укса, башын таш калканына катып алат экен. Ошондон кийин Леого дайыма акырын, жумшак сүйлөп калдым. Жанынбарлар жөнүндө канчалык көп билсең, аларды ошончолук жакшы көрүп калат экенсиң.



Дем алыш күнү Лео досумду сейил бакка алып бардым. Мен аттракциондо ойноп жүргөндө, сейил бактагы чөптү тойгончо жеди. Бир топтон кийин ташбакам көрүнбөй калды. Оюнду дароо токтотуп, бактын ичинен аны издей баштадым. Эч жерде жок. Чөптүн арасынан таппай, “жоголуп кеттиби?” – деп коркуп  турсам, кичинекей кыздын үнү угулду. Кыз сөөмөйү менен бир нерсени көрсөтүп жатыптыр. Кыздын жанына чуркап бардым. Чөптүн арасында Лео кыймылсыз жаткан экен. Мойнун, буттарын таш калканына катып алыптыр. Мен аны колума көтөрүп ала койдум да, кызга:

– Корккон жоксуңбу? Бул жакшы ташбака. Аты Лео, – дедим.

Менин үнүмдү угуп ташбака башын чыгарып, мойнун созо тыңшап калды. Аңгыча колуна эки балмуздак көтөргөн бир бала жаныбызга келип, бирин кызга сунду. Агасы окшойт. Ал дагы колумдагы жаныбарга  таңыркай карады.

– Бул менин ташбакам, – деп сыймыктана айттым таш калканынан сылап.

– Аты барбы? – деп сурады бала.

– Лео.



Жаныбызга бир топ бала чогулуп калды. Алар ташбаканын аты Лео экенин угушканда, аны кызыгып тиктей башташты. Анткени, “Ташбака ниндзялар” мультфильмин көрүшкөн да. Бул мультфильмдин каарманы чечкиндүү, эр жүрөк жана өз тобун башкара билген Лео ташбака балдардын баарына жакса керек.

Кичинекей кезимде өзүм да ошол каармандай болгум келчү. Менин бул кыялымды ата-энем да билишчү. Туулган күнүмдө алар зоодүкөндөн ушул ташбаканы сатып беришкен. Мен аны өзүм тандагам.

Ошентип биринчи жолу жаныбар менен достоштум. Ал мага аябай жакын болуп, жанымдан эч жакка кеткиси жок. Көчөгө коё берсем да кайрылып келет. Биздин достугубуз ушундай.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Зинакан Пасаңова
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли